**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 10,50 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алмашуу курсуна басымдын күчөп жатышын, тышкы жана ички факторлордон улам инфляциялык процесстердин тездешин эске алуу менен эсептик чен өлчөмүн 50 базистик пунктка, жылдык 10,50 пайызга чейин жогорулатуу чечимин кабыл алды.

Ички жана тышкы факторлордон улам келип чыккан инфляциялык басым жогору бойдон сакталып калууда. 2014-жылдын акырына чейин инфляцияны жарыяланган көрсөткүч чегинде токтотуп туруу үчүн Улуттук банк эсептик чен өлчөмү боюнча чечимдерди кабыл алып, ошондой эле акча-кредит саясатынын башка чараларын колдонгон. Алдын ала алынган маалыматтарга ылайык, декабрь айынын орто ченине карата абал боюнча жыл башынан топтолуп келген инфляция 10,3 пайызды түзгөн, натыйжада анын орточо жылдык мааниси 2014-жыл ичинде 7,5 пайыз чегинде катталган.

Жылдын ноябрь айынын жыйынтыгы боюнча алынган статистикалык маалыматтар, Кыргыз Республикасында экономикалык өсүш арымы басаңдап, өлкөнүн соода боюнча негизги өнөктөшүнөн болгон өлкөлөрдө да мындай жагдай орун алып жаткандыгын тастыктоодо. Алдын ала маалыматтар боюнча 2014-жылдын январь-ноябрь айларында реалдуу ички дүң өнүмдүн өсүшү 3,5 пайызды түзгөн (“Кумтөр” алтын кен ишканасын эске албаганда, ИДӨнүн өсүшү 4,3 пайыз). Тышкы соодалык операциялар көлөмүнүн кыскаргандыгы байкалууда. Акча которуулар агымынын басаңдашына карабастан, алардын көлөмү улам көбөйүүдө. Тышкы чөйрөдө белгисиздик жагдайы өкүм сүрүүдө. Ошентип, жогоруда белгиленген факторлор өлкөнүн ички валюта рыногуна, демек, инфляция деңгээлине келтирилип жаткан басымдын күч алышына түрткү берген себептердин биринен болууда.

Улуттук банк өлкө экономикасында түптөлгөн жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда ыйгарылган мандатына ылайык, инфляцияны акча-кредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгилге каралган негизги багыттарында аныкталган 5-7 пайыз чегинде токтотуп турууга багытталган тиешелүү чараларды көрүүнү улантат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 26-январына пландаштырылган.